| | |
|---|---|
| | **И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**<br>**КОББ (КОЛЛЕДЖ) (Н.Исанов кампусу)** |
| Колледж | **Сапатты башкаруу системасы**<br>**ДП-38/16.02-2022** |

И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледждин) Пед. кеңешинин отурумунда каралды жана кабыл алынды
25.11.2022-ж. №3 протокол

**БЕКИТЕМ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледж) директору
Дербишева Э.Д.
« 25 » 11 2022-ж.

# Студенттик окуу тобунун куратору жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1 И. Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледжинде) (мындан ары - колледж) куратордун иши – "Окуу-методикалык жана тарбиялык иштер" бөлүгүндө жеке план менен каралган окуу-тарбия процессинин курамдык бөлүгү, окутуучунун кызматтык милдети.

1.2 Кураторлук иш колледждеги окуу-тарбия процессинин максаттары жана милдеттери менен аныкталат:

- студенттерди кесиптик окутуунун жана тарбиялоонун биримдигин камсыз кылуу;
- окутуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу;
- келечектеги адисти инсандык жактан калыптандыруу үчүн профессордук-окутуучулук курамдын таасирин күчөтүү.

1.3 Окуу тобу менен иштөөдө куратор педагогикалык маданиятты, уюшкандыкты, чыгармачылыкты, толеранттуулукту, студенттерге болгон сый-урматты жана талапты айкалыштыра билүүсү керек.

1.4 Кураторлорго методикалык жардам көрсөтүү, алардын ишинин алдыңкы тажрыйбаларын иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу максатында КОББ (Колледжде) кураторлордун кеңеши түзүлүшү мүмкүн.

## Кураторлук иштин негизги максаттары жана милдеттери

2.1. Окуу тобунун кураторунун ишинин максаты университеттин кесиптик орто билим берүүсүнүн окуу-тарбиялоо процессинин концепциялык багыттарынан келип чыгат жана студенттерге кесиптик тарбия берүүнү камсыз кылат:

- Инсандык социалдык-маанилүү сапаттарды: жарандыкты, толеранттуулукту, социалдык активдүүлүктү калыптандырууга;
- Адеп-ахлактык позицияга тарбиялоо: гумандуулукка жана ак ниеттүүлүккө, инсандын укуктары менен эркиндиктерин урматтоого;
- Маданий баалуулуктарды ээ болууга, руханий жактан тарбиялоо.

2.2. Куратордун ишмердигиндеги негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

2.2.1 Университеттин жогорку кесиптик жана орто кесиптик окутуу шарттарына студенттерди адаптациялоого көмөк көрсөтүү, акыл эмгегинин маданиятын, өз алдынча иштөө ыкмаларын өздөштүрүүгө жардам көрсөтүү, ички эмгек тартибинин эрежелеринин аткарылышына көз салуу;

2.2.2 Студенттердин окуусу үчүн контракттык каражаттардын төлөнүшүн контролдоону киргизүү;

2.2.3 Студенттин өзүн ачып чыгуусу, интеллектуалдык жана руханий дараметин жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү.

2.2.4 Студенттер тобунун жамаат болуп түзүлүүсүнө көмөк көрсөтүү, окуу тобунун лидерлерин жана активин аныктоо, коомдук маанилүү ишмердүүлүктү уюштурууда демилгелүүлүгүн стимулдаштыруу, корпоративдик духту калыптандырууга көмөктөшүү.

1.5. Кураторлорду дайындоо, бошотуу:

1.5.1. Окуу тобунун кураторун кызматка дайындоо бөлүм башчынын жана өндүрүштүк окутуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын сунушу боюнча директордун буйругу менен жүргүзүлөт.

1.5.2 Куратор болуп окуу тобунун бүткүл окуу мезгилине эң тажрыйбалуу жана кадыр-барктуу мугалимдер дайындалат. Окуу жылынын башында бөлүм башчылары КОББ (Колледждин) директорунун өндүрүштүк окутуу жана тарбия иштери боюнча орун басарынын макулдугу боюнча КОББ (Колледждин) директоруна кураторлордун талапкерлигин беришет, алар директордун буйругу менен бекитилет.

1.5.3. 1-курстун кураторлорун кызматка дайындоо кезектеги окуу жылына окутуучулардын негизги жүктөмүн бекитүү менен бир убакта жүргүзүлүүгө тийиш. Кураторлорду дайындоодо алардын тейлеген топтогу ишинин максатка ылайыктуулугуна таянуу зарыл.

1.5.4. Куратордун милдеттерин аткаруудан бошотуу бөлүм башчынын жана өндүрүштүк окутуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын сунушу боюнча директордун буйругу менен жүргүзүлөт.

1.5.5. Окуу тобунун куратору деканаттын, бөлүм башчынын жана өндүрүштүк окутуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жетекчилиги астында студенттик өз алдынча башкаруу органдары, студенттердин ата-энелери жана окутуу адистиги боюнча топто сабак өткөн окутуучулар менен өз ара аракеттенүү менен иштейт.

1.5.6. КОББ (Колледжде) кураторлордун ишин координациялоону директордун өндүрүштүк окутуу жана тарбия иштери боюнча орун басары жүзөгө ашырат.

1.5.7. Кураторлордун ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү болуп окуу-тарбия иштеринин сапаты, топтун студенттеринин жамааттык мамилелеринин жана коомдук активдүүлүгүнүн өнүгүү деңгээли саналат.

1.5.8. 1 жана 2-окуу курстарынын кураторлору университеттин ректорунун буйругу менен белгиленген өлчөмдө ай сайын кошумча акы алышат. Мыкты кураторлор окуу жылынын жыйынтыгы боюнча кызыктыруучу сыйлыкарга ээ болот.

1.5.9. Окуу тобунун кураторлору директор, бөлүм башчы жана директордун өндүрүштүк окутуу жана тарбия иштери боюнча орун басары, топто сабак берип жаткан окутуучулар менен өз ара аракеттенишет;

**2. Куратордун ишинин мазмуну**

3.1 Окуу тобунун кураторунун ишин аткарган педагог университеттин маданиятын алып жүрүүчү болуп саналат. Ал университеттин салттарын, мамилелердин өзгөчөлүктөрүн тааныштырат, университетте кабыл алынган жүрүм-турум, баарлашуу, сырткы көрүнүш ченемдерин көрсөтөт. Окутуучу-куратор кесиптин башкы дирижеру болуп саналат: тандалган кесипке кызыгууну, кесиптик этиканы өнүктүрүүгө, келечектеги кесиптин коомдук маанисин түшүнүүгө жана кесиптик билим деңгээли үчүн жоопкерчиликке өзгөчө көңүл бурат. Куратор студент жана кесиптик коомчулуктун ортосундагы байланыштыруучу звено болуп саналат, студенттик жамааттын сабактан тышкаркы иш-аракеттеринин ар кандай түрлөрүн уюштурат, студенттерге бардык багыттар боюнча ар тараптуу жардам жана колдоо көрсөтөт. Анын ишинин мазмунуна төмөнкүлөр кирет:

3.2 Студенттерге ЖОЖдогу жүрүм-турум эрежелерин, алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясында, "Билим берүү жөнүндө" мыйзамында, университеттин Уставында жана университеттин ички тартип эрежелеринде каралган укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү.

3.3 Студенттерге китепкананын ресурстары жөнүндө, спорттук-массалык иштерди уюштуруу жөнүндө, өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө, студенттик илимий коомдун ишмердүүлүгү жөнүндө; студенттик бирикмелердин иши жөнүндө, университеттеги иш-чаралар жөнүндө маалымат берүү.

3.4 Окуу тобунун студенттерине окуу процессин жана өз алдынча ишти уюштурууда системалуу жардам жана колдоо көрсөтүү, учурдагы жана семестрдик жетишкендиктерди көзөмөлдөө;

3.5 Студенттерди колледждин, университеттин коомдук турмушуна активдүү кошулууга

түрткү берүү;

3.6 Топтун студенттеринин сабактан тышкаркы иштерге: колледж, институттар, университет тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга, ошондой эле музейлерге, театрларга, көргөзмөлөргө ж.б. активдүү катышуусун камсыз кылуу;

3.7 Окуу тобунун активи менен бирге окуудан тышкаркы иштерди пландаштырууну ишке ашыруу, студенттердин окуудан тышкаркы иштерин уюштуруу;

3.8 Сергек жашоо образын пропагандалоо, коомго жат көрүнүштөрдү, тамеки чегүүнү, алкоголизмди, баңгиликти алдын алуу.

**4. Куратордун укугу жана милдеттери**

4.1. Куратор төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1.1. Тейлеген топтун же анын айрым студенттеринин тарбиялык иштерине тиешелүү маселелерди талкуулоодо КОББ (Колледждин) Пед. кеңешинин ишине катышууга;

4.1.2. Лекцияларга жана семинарларга катышууга (окутуучулардын макулдугу менен), өз тобунун зачетторуна жана экзамендерине катышууга;

4.1.3. Топто өткөрүлгөн бардык иш-чараларга, студенттик өз алдынча башкаруу органдарынын ишине катышууга, студенттик өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо үчүн талапкерлерди сунуштоого;

4.1.5. КОББ (Колледждин) администрациясына мыкты студенттерди сыйлоо же тартипти бузган адамдарга жаза колдонуу жөнүндө тиешелүү документтерди берүүгө;

4.1.6. КОББ (Колледждин) жана кадрлар бөлүмүнүн документтеринде камтылган студенттер жөнүндө маалыматтарга ээ болууга;

4.1.7. Топто тарбиялык иштерди жүргүзүү үчүн университеттин окутуучуларын жана кызматкерлерин тартууга;

4.1.8. Университеттин бардык башкаруу органдарынан өз ишмердүүлүгүнө методикалык жана маалыматтык колдоо алууга;

4.1.9. Маданий-массалык жана ден-соолукту чыңдоочу иш-чараларды өткөрүүнү финансылык жактан камсыздоого.

4.2. Куратор төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.2.1. Өз ишмердигин КОББ (Колледждин) жылдык иш планынын негизинде жүзөгө ашырууга;

4.2.2. Студенттердин жетишкендиктери жана катышуусу жөнүндө маалыматка ээ болууга;

4.2.3. Биринчи курстун жашы жете элек студенттерине өзгөчө көңүл бурууга;

4.2.5. Ар бир студентти, анын жеке өзгөчөлүктөрүн, үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик шарттарын, ден соолугунун абалын жакшы билүүгө;

4.2.6. Ар бир студент үчүн мүнөздөмө түзүүгө катышууга;

4.2.7. Окуу тобунун кураторлук журналын жүргүзүүгө, анын негизинде семестрде бир жолу өндүрүштүк окутуу жана тарбиялоо иштери боюнча директордун орун басарына өзүнүн иши жөнүндө отчет берүүгө;

4.2.8. Жаштарды тарбиялоо, куратордук ишмердүүлүктү изилдөө, жалпылоо жана тажрыйба алмашуу маселелери боюнча илимий-методикалык конференцияларга катышуу менен өзүнүн педагогикалык чеберчилигин системалуу түрдө жогорулатууга.